УДК: 93(С54)

Муканбетова Р.Б.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ТООЛУУ ОБЛАСТЫ ТҮЗҮҮ АРАКЕТТЕРИ

*Бул макалада Кара Кыргыз автономиялуу областы болуп түзүлгөнгө чейинки Тоолуу областты түзүүдё кыргыздын улуу чыгаан инсандары, анын ичинде Абдыкерим Сыдыков кандай аракеттерди жумшагандыгына анализ берилет.*

Ар бир элдин тарыхына жана тарыхый өнүгүү жолуна таасир эткен өздөрүнүн белгилүү окуялары, күндөрү бар. Кыргыз эли үчүн мындай окуя болуп Улуу Октябрь социалисттик революциясы эсептелет. Революция колониялык эзүүдөн бошонууга жана Кыргызстандын элинин бир канча жылдан кийин өзүнүн мамлекетүүлүгүнө жетүүгө мүмкүнчүлүк берген. Революция мурунку Россия империясынын чет жакаларындагы элдерге этникалык консолидацияга, алардын андан аркы маданий-социалдык өнүгүүсүнө шарт түзгөн.

1918-ж. крайдын 5-сьездинде Туркестан Автономиялык Советтик Социалистик Республикасы (ТАССР) түзүлгөн. Ушул эле жылы майда Туркестан автономия укугунда Россиянын курамына кирет. Кыргыздар Туркестан автономиялык областынын курамына кирүү менен, 4 областка: Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана жана Самаркандга бөлүнгөн б.а. чачыранды болгон [1]. Жети-Ссуда казактар, Сыр-Дарыяда түркмөндөр, Ферганадаөзбектер, Самаркандда тажиктер үстөмдүк кылган. Ал эми бул областтарда кыргыздар башка улуттарга караганда азчылыкты түзүп, көпчүлүк убакта алардын кызыкчылыктары этибарга алынган эмес. Ушуга байланыштуу, 1921-ж Алматыда болгон кеъешмеде биринчи жолу Түркстан АССРинин курамында Тоолуу Кыргыз областын түзүү маселесин Абдыкерим Сыдыков көтөрүп чыккан. Бирок анда бул маселе чечилбей, Казак АССРине Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областтары берилет. Бул чечим кыргыздардын саясий абалын бир кыйла оордоткон. Анткени кыргыздар мурда бир автономиялуу республиканын курамына кирсе, эми эки автономиялуу республикага бөлүнүп калмак. Бул шарт кыргыз улутундагы Жетисуунун жооптуу кызматкерлерин жол бербөөгө түрткөн.

Мындай маанилүү учурда Жетисуу облаткаруу комитетинин төрагасы А.Сыдыков жана аткаруу комитетинин бөлүм башчысы И.Арабаев кыргыз элинин ТАССРдин чегинде өзүнүн жеке территориясына укугу бар, өз алдынча Тоолуу Кыргыз областын

түзүү сунушун кайрадан көтөрүшкөн. Күрөш оор жана теңсиз болгон, себеби ошол учурда өкүм сүрүп жаткан Кыргыз (Казак) АССРнин, өкүм сүрө элек Кыргызстанга караганда мүмкүнчүлүгү көбүрөөк эле.

1920 - жылы 25 августта Кыргыз (Казак) АССРин түзүү боюнча декрет кабыл алынып, Туркестан АССРинин курамындагы Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областары жогоруда белгилегендей Казак АССРине кошулуп калган [2]. Башкача айтканда, кыргыз эли Казак АССРинин курамына кирип калган. Иш жүзүндө кыргыз элинин өз алдынчалыгын жоготуу коркунучу болгон.

1922-жылы мартта Советтердин Бүткүл Туркестандык 13-сьездинде А.Сыдыков Түрк БАКка Тоолуу кыргыз областын түзүү маселесин коет жана буга алдын ала макулдук алат [2]. Бирок, тилекке каршы, бул маселе четке кагылат жана каршылашкан жактар өздөрүн көрсөтөт. Каршылашуунун натыйжасында А.Сыдыков "мурунку полицейский" катары партиядан чыгарылат. Ал эми 1922-жылы 23-мартта Жетисуу областынын аткаруу комитетинин төрагалыгынан бошотулат [3]. Бул Тоолуу областты түзүүчүлөргө чоң сокку эле. Бирок мындай оор шартта кыргыз элинин тагдыры үчүн А.Сыдыков өзүнүн уюштурууучулук сапатын жана эр жүрөктүүлүгүн көрсөткөн.

1922-жылы 25-мартта Түркстан КП БК (ЦК КПТ) Жетисуу областтарын райондоштуруу маселесин караган. Чечимдин 10- пунктунда төмөндөгүдөй айтылган: "Түрк БАК Президиуму Түркстан республикасынын курамында уезддерден турган Тоолуу областты уюштуруу декретин жарыялоону тапшырат. 1. Пишпек, 2. Пржевальск, 3. Нарын, 4. Олуя-Ата уездинин тоолуу бөлүгү, кара-кыргыздар отурукташкан Ферганания тоолуу бөлүгү Фергана тынчтык абалга өткөнгө чейин ачык калсын. Проект аткаруу бюросунда бекитилсин" [4; 60].

Бул чечимге ылайык, 26-мартта Түрк БАКтын президиуму "тоолуу кыргыздар отурукташкан райондордон өзгөчө область түзүү" жөнүндө чечим кабыл алат [5]. Натыйжада, Түрк БАКтын кичи Президиуму курамында Пишпек, Каракол, Нарын уездери жана Олуя –Ата уездинин тоолуу бөлүгү кирген, борбору Кочкор кыштагында жайгашкан Тоолуу Кыргыз областын түзүү жөнүндө чечим кабыл алган. Башкача айтканда, бул областка Кыргызстандын түндүгү гана кирип, Түштүк Кыргызстандагы кыргыздардын тагдыры убактылуу ачык калтырылган. Ошондой болсо дагы кыргыз элинин алдында кыргыздар жашаган аймактын бир бөлүгүндө бирдиктүү, өз алдынча улуттук автономиялуу мамлекетүүлүгүн түзүү үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөр ачылат. Бирок Тоолуу Кыргыз областын түзүү үчүн аракеттердин башында эле уруулук, улуттук мүнөздөгү эки топтун ортосунда талаш-тартыш башталган. А.Сыдыков башында турган топ Тоолуу Кыргыз областын түзүү үчүн активдүү күрөшкөн. Ал эми Р.Кудайкулов жетектеген топ буга каршы иш жүргүзгөн. Аны Ташкенттеги жана Алматыдагы казак улутундагы жетекчилер колдоп чыгышкан.

Тоолуу Кыргыз областын түзүү максатында партиянын Жети-Суу обкому 1922-ж. 4-июнда Пишпекте уюштуруу съездин чакырып, ага 425 делегат катышкан. Съезд уюштуруу комиссиясынын төрагасы А.Сыдыковдун сьездин мааниси жана орду жөнүндөгү кириш сөзү менен башталган. Күн тартибинде 7 маселе коюлган. Сьезддин төртүнчү күнүндө гана А.Сыдыков негизги доклад менен чыккан. Съезддин жүрүшүндө көптөгөн карама каршылыктар келип чыккан. Ошондуктан Жетисуу обкомдун өкүлдөрү съездди башкара албай калуу коркунучу болгондуктан, Ташкентке съездди жабуу жөнүндө телеграммаларды биринин артынан бирин жөнөтүшкөн.

1922-жылы 13-июнда партиянын БК Түрбюросу генералдык секретарь жана улуттук иштер боюнча наркомдон төмөндөгүдөй маанидеги телеграмманы алат: "Пишпекте июндун башында Жети-Суу областынын территориясынын эсебинен Каракыргыз Тоолуу областын бөлүү жөнүндө съезд өткөн. Съезд ким тарабынан уюшулган, ким уруксат берген, съездин мүнөзү тууралуу маалымат берүүнү сурайбыз."

Тоолуу областты түзүү съезди жөнүндө Кремлге ким маалымат бергени жөнүндө так маалыматтар жок. А.Сыдыков жана Р. Кудайкулов экөө теъ, Ташкенттин же Верныйдын

кызматкерлери болушу мүмкүн эле. Анткени ар бир жакка өз кызыкчылыктары үчүн Москванын колдоосу керек болгон. Демек, Борбордун бөлүнүү жөнүндө кабардан алыс болушу демилгенин төмөндөн чыкканын айгинелейт. Ал эми Совет доорунда негизги демилге Борбордон гана келген. Ошондуктан бул алдын-ала пландалбаган процесс болгондуктан Сталин чочулаган. Анткени граждандык согуш жылдары массанын мындай демилгелеринен кийин жер - жерлерде буржуазиялык- улуттук өкмөттөр түзүлгөн. Мисалы, “Кокон автономиясы”, “Крым директориясы”, “Украин Радасы” ж.б.

14-июнда КПТ Жетисуу обкому партиянын БК Түркбюросунун келишине даярдануу менен, Р.Кудайкуловдун Тоолуу областтын съезди тууралуу докладын угушат. Ал кайрадан кара кыргыздардын бөлүнүүгө даяр эместигин кайталайт. Р.Кудайкуловдун доклады бөлүнүүгө каршы чыккандарга күч берген.

Съезддин социалдык курамы боюнча дагы туура эмес маалыматтарды берген.

Мунун негизинде Пишпекке съезддин социалдык курамын изилдөө боюнча комиссия жиберилет. Комиссиянын справкасында Р.Кудайкуловдун докладына салыштырмалуу Тоолуу областтын съездинин социалдык курамы андан да курч бааланган. Алдын ала текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча, делегаттардын 90 пайызы бай кара кыргыз бай-манаптардын курамынан турган. 425 делегаттын ичинде орус, еврей, украин, казак, дунган, уйгур ж.б. болуу менен, алар эксплуататорлор болгонбу деген бизде суроо туулат. Ал эми мындай маалыматтар Кремлге тарап кеткен. Натыйжада, Тоолуу областты түзүү маселеси толук изилденбегендигине байланыштуу, убактылуу токтотулсун деген чечим кабыл алыншган.

1922-ж.декабрда РКП(б) Борбордук Комитети Тоолуу Кыргыз областын түзүү боюнча мурун кабыл алынган бардык документтерди мыйзамсыз деп жарыялап, сьездди чакыруунун демилгечилери буржуазиялык улутчулдар, контрреволюционерлер деп күнөөлөнгөн. Ошентип, кыргыз элинин чектелген улуттук мамлекеттик бирикме түзүү жөнүндөгү алгачкы аракети оңунан чыкпай калган.

1923-жылы СССРде улуттук автономияларды түзүү жана улуттардын тең укуктуулугу боюнча маселелер кайра карала баштаган. Анын негизинде Түркстан АССРинин курамындагы кыргыз элине автономиялуу область статусун берип, мурункудай Түркстан АССРинин эмес, РСФСРдин курамындагы Кара-Кыргыз автономиялуу областы болуп түзүлгөн.

Бул 1924-жылдын 14-октябрында Сөветтердин Бүткүл союздук Борбордук Аткаруу Комитетинин 2-сессиясынын улуттук чек араларды бөлүштүрүү жана РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялуу областын түзүү жөнүндө токтому менен бекитилет. Бул жерден да Сыдыков менен Кудайкуловдун тобунун ортосунда тирешүү болгон. Сыдыков, Ж.Абдрахманов, И.Арабаевдар Кара Кыргыз Автономиялуу областы түздөн-түз РСФСРге кирсе дурус болот дешкен. Бул маселе зор кыйынчылыктар менен ишке ашкан. Анын себеби кыргыздар казактардын же башкалардын курамына кирсе, өз алдынча өнүгүүсүнө тоскоол болмок, анткени чарбалык маданий жактан окшоштуктары болгон. Эң негизгиси, алар менен тең ата иш алып баруу болгон. Экинчи топтун башында Рахманкул Кудайкулов туруп, Дүйшөналы Бабаханов, Ы.Тойчуновдор болушкан. Алар Кара-Кыргыз автономиялык областынын Кыргыз (Казак) АССРинин курамында болуусун каалашкан.Ошондой болсо да бул алгачкы аракет текке кеткен жок, акыры 1924-жылы 14-октябрда Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлдү. Албетте, мында А.Сыдыковдун салымы зор.

Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөндөн кийин Кыргызстанда партиялык жана советтик бийлик органдары уюшулган. 1924-жылы 18-октябрда Кара-Кыргыз автономиялуу областынын Убактылуу партиялык бюросунун жана революциялык комитеттердин курамы бекитилген.

РКП (б)нын Кыргыз обкомунун партиялык бюросунун I-секретарлыгына Михаил Каменский, 2-секретарлыгына Жусуп Абдрахманов, областтын ревкомунун төрагалыгына Иманаалы Айдарбеков бекиген.

1924-жылы кыргыз өкмөтү Ташкенттен Пишпекке көчүп келген. 1925-жылы 15-январда областтык ревкомдун кеңешмесинде Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлгөндүгү жөнүндө Декларация кабыл алынып, Кыргызстандын мамлекетүүлүгү салтанаттуу түрдө жарыяланган. Демек, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө А.Сыдыковдун кошкон салымы зор.

Чындыкты тайманбай айткан, коомдогу болуп жаткан иштерге саясий ишмер катары тереъ анализ бере билген Абдыкерим Сыдыковдун кийинки тагдыры «Отузчулардын» каты менен байланыштуу болгон. 1925-жылы Кыргызстандагы мамлекеттик кайра түзүү боюнча жүргүзүлгөн иш чараларды талдоо менен, 30 партиялык жана советтик кызматкерлер жогору жакка кат менен кайрылган. Катта партиялык жетекчиликтин иши, анын советтик жетекчиликтин ишине кийлигишүүгө аракеттенүүсү жөнүндөгү жагдайлар сынга алынган. «Отузчулардын» башчысы А.Сыдыков эле. Жогору жактан кат терең анализге алынбастан эле улутчул деген мүнөздө бааланган. Ошол эле жылы «отузчулардын» башчылары партиядан чыгарылып, жетекчилик кызматтардан алынган.

Жогорудагы окуялардан кийин А.Сыдыков мамлекеттик кызматтан четтеп, окутуучулук ишмердүүлүккё ётёт. Активдүү саясаттан четтетилген Абдыкерим Сыдыков 1926-1932-жж Ташкенттеги Орто Азия мамлекеттик университетинде (САГУ) мугалим, илимий кызматкер болуп иштеген. Кыргыздын тунгуч гезити Эркин Тоону түзүп, уюштуруучуларынын бири болгон. Анын биринчи санында ( 7-ноябрь 1924-жылы) "Эл жана сарамжал" деген макаласы жарыкка чыккан. Андан сырткары кыргыз элинин тарыхына да кайрылып, "Кыргыз элинин уруулук бөлүнүшү" деген илимий макаласын чыгарган. Бул макаланы жазууда илимий адабияттарды, орус авторлорунун эмгектерине кайрылып, шилтеме жасаган жана бул эмгеги Ташкенттен 1927-жылы китеп болуп чыккан. 1932-жылы Кыргыз АССРинин жетекчилеринин сунушу менен кайрадан Кыргызстанга чакырылып, Кыргыз АССРинин мампланынын төрагасынын орун басары болуп иштейт. Бирок көп узабай 1933-жылдын 9-майында камакка алынып, 1934-жылдын 28-февралында "улутчул контрреволюциялык уюмдун" жетекчиси деп күнөө тагылып, 10 жылга эркинен ажыратылган. 1938-жылы 10-февралда Кыргыз ССРинин НКВДсынын чечими менен Социал-Туран партиясынын уюштуруучуларынын бири катары күнөө коюлуп, өлүм жазасына тартылып, 18-февралда 49 жашында атылган.

Демек, 1991-жылы биз жеткен мамлекетибиздин көз карандысыздыгы мындан 90 жыл мурда эле кыргыздын алгачкы интеллегенттери тарабынан көтөрүлүп чыгып, көптөгөн аракеттер кылынган. Ошол мамлекеттүүлүгүбүздү көздүн карегиндей сактап калуу, аны өнүктүрүү жалпыбыздын милдетибиз.

Адабияттар:


1. Курманов З., Садыков Э. Абдыкерим Сыдыков: личность и история. – Бишкек: Шам, 2002.
2. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстандын тарыхы. - Бишкек, 2001.